УДК 338.51

СИЯЕВ Т. М., АЙТБАЙ КЫЗЫ А.
С. Нааматов ат. НМУ, ОшМУ

БААЛУУЛУК КАТЕГОРИЯСЫНЫН НЕГИЗДЕЛИШИ ЖАНА КАЛЫПТАНЫШЫ

В данной работе исследуется категория “ценность”. Рассмотрены и анализированы понятия “благо”, “истина”, “красота”. Приведена классификация педагогических ценностей в зависимости от уровня и структуры.

Илимдер системасындагы эң кызыктуу жана татаал категориялардын бири баалуулук болуп саналат. Байыркы дүйнөнүн ойчулдары ар түрдүү логикалык түзүлүштөрдү түзүү менен, баалуулук категориясынын “сырын” ачканга аракет жасашкан. Баалуулук категориясынын ар тараптан негизделиши Сократ менен тыгыз байланышкан. Сократ баалуулуктун негизин түшүндүрүү үчүн абдан кызыктуу суроону койгон: тигил же бул кубулуштун өзүнүн маанисинен ал кубулуштун эмне үчүн орун алаарын түшүнүү бир топ натыйжалуу деп эсептеген. Башкача айтканда, кубулуштун чыныгы өзүнүн мүнөзү, касиети эмес, анын маанисин, маңызын билүү илимий маселе болуп саналат. Сократ биринчилердин эң негизги баалуулуктарды: “жыргалчылык”, “сулуулук”, “акыйкаттык” түшүнүктөрүн киргизген. Анын окуучусу Платон “жыргалчылыкты” эң негизги универсалдуу Баалуулук катары тааныган жана бул дүйнөгө көз карандысыз болгон эң жогорку Идеяга башка баалуулуктардын бардыгы көз карандылыкта болот деп эсептеген. Ак көңүлдүк менен акыйкаттык, сулуулук менен сүйүү бири-бирине тыгыз байланышкандыктан, идеалдуу дүйнөнүн биримдигин түзөт жана алар баалуулуктар дүйнөсүнүн негизи болуп саналышат. Платон баалуулукту изилдеп, анын ар бир адамда өзгөчө чагылаарын көрсөтүү менен, “адам - бардык оокатты ченөөнүн чени” деген ой пикирди киргизген.

Аристотель баалуулук категориясын башка философиялык түшүнүктөрдөн ажыраткан жана жаңы баалуулуктардын иерархиясын түзгөн. Аристотель баалуу деп кудай жараткан жыргалчылыктарды, тактап айтканда, адамдын жан дүйнөсүн, анын акыл-эсин таанып, “Чоң этика” эмгегинде жыргалчылыктардын бул түрүн “баалануучу” (“тимиа”) деген аныктама берет. Мындан тышкары, макталуучу жана мүмкүнчүлщктү түзүүчү жыргалчылыктарды берет. Демек, Аристотелдин пикири боюнча, жыргалчылык баалуулук дагы, баалуулук эмес дагы болушу мүмкүн деп эсептейт. Ошентип, байыркы ойчулдар ошол мезгилдеги бардык белгилүү болгон руханий, адеп-ахлактык жана социалдык мааниге ээ болгон баалуулуктарды системага салышкан. Бирок баалуулук боюнча бир пикирге келе алышкан эмес.

Антикалык философиядан айырмаланып, чыгыш философиясы, анын ичинде байыркы кытай философиясы этикалык баалуулуктардын ички жана тышкы булактарын кенен изилдешкен. Кытай философиясында этикалык категория болуп ак көңүлдүк (“дэ”) кабыл алынган жана ал индивиддин эң жакшы жашоосунун жолун түшүндүргөн. Ал эми жеке ак көңүлдүктөр ар түрдүү иерархияда гармониялык биригишип, бүткүл дүйнөлүк социалдык этикалык тартипти (“дао”) түзөт. Ар бир инсандын дүйнө түшүнүгү боюнча дао менен дэ ар түрдүү байланышта болуп, ак сөөктүктү (“ли”) жана гумандуулукту (“жэнь”) түзөт. Өз учурунда ак сөөктүк жана гумандуулук баалуулуктардын системасын жаратат.

Адамзат коомунун өзгөрүшү, философиялык көз караштардын өнүгүшү баалуулук категориясынын такталышына, толукталышына алып келди. Орто кылымда илимдин бардык эле багытындай баалуулук диний окуулар менен негизделип, диний түшүнүктөр

менен айкалыштырылган. Кайра жаралуу доорунда баалуулукту аныктоодо гуманизмдин принциптери колдонулган. Жаңы мезгилдеги илимдин өнүгүшү баалуулук категориясын ар түрдүү аспектилерде изилдөөгө негиз болуп калды.

Немец философу И.Кант биринчилерден болуп баалуулукту тар мааниде изилдеген. И.Канттын эмгектеринде аксиологиянын негиздери калыптанган. Ал предметтердин, кубулуштардын маңызын жана зарылчылыгын, реалдуулугун жана идеалдуулугун өз-өзүнчө бөлүп караган. Баалуулук - бул эркке карата коюлган талаптар; адамдын алдына коюлган максаттар; инсан үчүн маанилүү тигил же бул факторлор.

Ал эми Г.Гегель баалуулуктарды экономикалык (утилитардык) жана руханий топторго бөлгөн. Биринчи, экономикалык баалуулук предметтин товардык маанисин аныктап турат. Гегелдин пикири боюнча, нерсени товар катары караганда, анын мааниси, баалуулугу анын баасы менен аныкталат. Бул баалуулуктар дайыма сылыштырмалуу мааниге ээ, анткени товардын баасы тансыздыкка, башкача айтканда, сатылышына гана көз каранды. Экинчи баалуулук руханий дүйнөгө тиешелүү, себеби бардык баалуулуктун жаратылышы руханий байлыктар менен байланышта турат. Философиянын өзүнчө бөлүгү болгон аксиологиянын өнүгүшү менен баалуулук категориясы терең анализделген.

Натуралык психологияда (Д.Дьюи эмгектеринде) эмпирикалык байкоого алынган реалдуу дүйнөнүн объективдүү факторлору баалуулук деп таанылат. Баалуулуктун булактары адамдын биологиялык жана психологиялык зарылчылыктары менен тыгыз байланышкан. Бул багытта адамдын кандайдыр бир зарылчылыгына туура келген предмет баалуулук болуп эсептелет.

Аксиология илиминдеги трансцентализмде (В.Виндельбанд, Г.Риккерттин эмгектери) баалуулук объективдүү реалдуулук эмес, бытиенин идеалы катары кабыл алынат. Баалуулук адамдын каалоосунан, анын максатынан көз каранды эмес. Баалуулук бул - ак көңүлдүк, чындык, сулуулук жана алар дайыма өз алдынча болуп, көз карандысыз, түбөлүктүү мааниге ээ болушат. Ошентип, баалуулук бул реалдуулук эмес, ал - идеал. Бул идеал алып жүрүүчү болуп “эң жалпы аң-сезим” саналат, башкача айтканда, трансценденталдык субъект кабыл алынат. Мындан тышкары, баалуулук адамдан көз карандысыз болгон норма катары белгиленет жана ал нормалар жалпы маданияттуулукту, өнүгүүнү аныктайт.

Азыркы мезгилдеги илимий эмгектерде баалуулук категориясы жана анын жаратылышы ар түрдүү аспектилерде каралат. Бир аспектисинде баалуулук адамдын тигил же бул зарылчылыгын, талабын канааттандырган жана пайда алып келген предмет катары кабыл алынат. Экинчи аспектиде жалпы адамга, социалдык катмарга маанилүү норма, идеал катары белгиленет. Баалуулук аныкталган аспектилер бири-бирин жокко чыгарбайт, тескерисинче, бири-бири толуктап, айкалышып турат.

Педагогика илиминдеги негизги категориялардын бири бул – педагогикалык баалуулуктар. Адатта, педагогикалык баалуулуктарды аныкталган психологиялык, педагогикалык билим катары кабыл алышат жана ал тарбияланууучунун чөйрөгө жана өзүнө болгон мамилесин аныктап турат. Бул мамиле инсандын баалуулук актысынын жыйынтыгы болуп саналат, ал өзүнө өзүнүн субъективдүү баалоосун, баалоонун объектисин, баалоо боюнча рефлексияны жана анын жыйынтыгын камтыйт.

Педагогикалык баалуулуктар педагогикалык ишмердүүлүктү жөнгө салуучу нормалардын жыйындысы жана ал коомдогу билимге болгон жалпы көз караш менен педагогдун ишмердүүлүгүн байланыштыруучу “көпүрө” болуп саналат. Башка баалуулуктар сыяктуу эле педагогикалык баалуулуктар синтагматикалык мүнөзгө ээ, башкача айтканда, педагогикалык баалуулуктар тарыхий мүнөздө калыптанат, коомдук

аң-сезимде аныкталган өзгөчө образдар жана элестетүүлөр менен берилет. Педагог педагогикалык ишмердүүлүктү өз башынан өткөрүп жатып, педагогикалык баалуулуктарга ээ болот, ошентип, баалуулуктук субъектешүү процесси орун алат. Педагогикалык баалуулуктун субъектешүүсүнүн жыйынтыгы гана педагогдун кесиптик калыптанышынын чыныгы көрсөткүчү болуп саналат.

Педагогикалык баалуулуктар татаал жана өзгөчө система болуп саналат жана ар түрдүү критерийлердин негизинде классификациялоо учурайт. Педагогикалык баалуулуктар өзүнүн таралуу деңгээлине жараша үч топко бөлүнөт: а) инсандык; б) топтук жана в) социалдык.

Акыркы топтогу социалдык педагогикалык баалуулуктар мамлекеттеги социалдык системадагы, коомдук аң-сезимдеги орун алган жалпы баалуулуктардын педагогикалык системадагы адекваттуу чагылышы болуп саналат.

Ал эми топтук педагогикалык баалуулуктар мамлекеттеги иштеп жаткан ар түрдүү билим институттарында педагогикалык ишмердүүлүктү жөнгө салуучу идеялар, концепциялар, нормативдик документтер менен мүнөздөлөт. Бул педагогикалык баалуулуктар бирдиктүү мүнөзгө ээ болушат жана кайсы бир деңгээлге туруктуу, кайталануучу сапаттарга ээ болушат.

Инсандык педагогикалык баалуулуктар бул аныкталган педагогдун педагогикалык ишмердүщлщктү жүргүзүүдөгү өзүнө калыптаган максаттан, мотивден, идеялардан жана өздүк көз караштардан улам пайда болгон өздүк баалуулуктар системасы болуп саналат.

Педагогдун "Менинин" педагогикалык баалуулуктары бир гана когнитивдик түзүлүштөн эмес, эмоционалдык, эрктүүлүк түзүлүшүнөн дагы турат. Анткени анда социалдык, топтук жана жеке инсандык баалуулуктар кездешет. Демек, бул система төмөнкү педагогикалык баалуулуктардан түзүлөт:

- инсандын социалдык жана кесиптик чөйрөдөгү өзүнүн статусуна, ролуна байланышкан баалуулуктар (педагогикалык эмгектин коомдук мааниси, педагогикалык ишмердүүлүктүн престижи, педагогикалык чөйрөдөгү таанылышы жана башкалар);
- пикирлешүүдөгү жана өзүнүн чөйрөсүн кеңейтүүдөгү муктаждыктар менен байланышкан баалуулуктар (балдар менен иш алып баруу, адамдар менен тил табышуу, балдардын сүйүүсүнө ээ болуу, руханий ырахаттануу жана башкалар);
- өздүк чыгармачылыкты өнүктүрүүгө багытталган баалуулуктар (кесиптик, чыгармачылык багытындагы жөндөмүн өнүктүрүү, дүйнөлүк маданиятка ээ болуу, өзүн тынымсыз өзгөртүү мүмкщнчүлүгү жана башкалар);
- өзүнщн инсандык касиеттерин толук ачууга багытталган баалуулуктар (педагогдун чыгармачылык изденүүсү, педагогикалык ишмердүщлүктүн кызыктуулугу, балдарга дайыма жардам көрсөтүү мүмкүнчүлщгщ жана башкалар);
- прагматикалык муктаждыктарга байланышкан баалуулуктар (мамлекет тарабынан гарантияга ээ болуу, эмгек өргщщлөрүн алуу, кызматка ээ болуу жана башкалар).

Педагогикалык баалуулуктарды классификациялоонун дагы бир критерийи – бул баалуулуктун предметтик мазмуну боюнча бөлүнүшү болуп эсептелет. Бул багытта педагогикалык баалуулуктар эки типке бөлүнөт: өзгөрбөөчү баалуулуктар жана инструменталдык баалуулуктар. Өзгөрбөөчү баалуулуктар, максат баалуулуктары бул - педагогдун эмгегинин чыгармачыл мүнөзү, ишмердүүлүктүн коомдогу престижи, балдарды сүйүү жана аларга байланыштуу болуу. Баалуулуктун бул тиби педагогдун өздүк өнүгүүсүнүн негиздерин түзүп турат.

Ал эми инструменталдык баалуулуктар болуп каражат баалуулуктары педагогикалык процессти натыйжалуу жүргүзүү үчүн зарыл болгон методологиялык, технологиялык система саналат. Каражат баалуулуктары бири-бирине тыгыз

байланышкан үч системаны аныктап турат: кесиптик билим берүү жана инсандык өнүгүү маселелери чечүү (окутуунун жана тарбиялоонун технологиясы); инсандык жана кесиптик багытталган маселени чечүүгө багытталган коммуникативдик аракеттенишүү (пикирлешүүнүн технологиясы); педагогикалык аракет жүргүзүү, ал өз учурунда бардык түзүмдөрдү өзүнө камтып, бирдиктүү баалуулуктардын системасын түзөт.

Ал эми изилдөөчүлөр С.Г.Вершловский жана Дж.Хазард россиялык жана америкалык илимий изилдөөлөрдү анализдөө менен, педагогикалык баалуулуктарды төмөнкү үч топко бөлүшкөн:

1. Педагогдун кесиптик статусун аныктоочу баалуулуктар;
2. Инсандын педагогикалык кесипке болгон кызыгуусун көрсөтүүчү баалуулуктар;
3. Педагогикалык ишмердүүлүктүн максатына байланышкан баалуулуктар.

Баалуулуктардын бул классификациялоосу инсандын педагогикалык кесибиндеги өздүк канааттанышы менен, өзүнүн мүмкүнчүлүгүн толук ачылышы менен байланышкан.

Россиялык изилдөөчү Е.Е.Шиянов мугалимдин материалдык, руханий жана коомдук муктаждыктарына туура келген педагогикалык баалуулуктарды төмөндөгүчө ажыраткан:

1. Инсандын социалдык жана кесиптик чөйрөдөгү калыптанышынын баалуулуктары: мугалимдин эмгегинин маанилүүлүгү, педагогикалык ишмердүүлүктүн престижи, жакынкы чөйрөдөгү адамдардын педагогикалык кесипти баалашы жана башкалар;

2. Мугалимдин пикирлешүү муктаждыгына байланышкан баалуулуктар: балдар менен, окуучулар менен пикирлешүү, балдарды сүйүү жана алар жөнүндө дайыма толгонуу, руханий баалуулуктар менен алмашуу жана башкалар;

3. Жеке чыгармачылыкты өркүндөтүү менен байланышкан баалуулуктар: кесиптик чеберчиликти өнүктүрүү мүмкүнчүлүгү, дүйнөлүк маданиятка ээ болуу, өзүнө жаккан нерсе менен алектенүү, тынымсыз өнүгүүдө болуу жана башкалар;

4. Өзүн-өзү үлгүлтүксүз мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатуу менен байланышкан баалуулуктар;

5. Утилитардык, прагматикалык зарылчылыктар менен байланышкан баалуулуктар: мамлекет тарабынан берилүүчү гарантиялар, эмгек акы, эмгек өргүүсү жана башкалар.

Ошентип, баалуулук категориясы тарыхый өнүгүүгё ээ болуп, коомдун өнүгүшү менен тынымсыз такталып жана толуктанып турган. Баалуулуктар система катары кабыл алынып, тигил же бул критерийдин негизинде илимий классификациялоо учурайт.

Адабиятар:

1. Аристотель. Соч.: В 4 т. -М., 1975–1983. Т. 4.
2. Виндельбанд В. Прелюдии. Философские статьи и речи. -СПб., 1964.
3. Вершловский С.Г. Особенности социально-профессиональных ориентаций учителей //Сб. науч. тр. –М.: Изд-во АПН СССР, 1990. –С. 5-24.
4. Додонов Б.И. Эмоции как ценность. –М., 1978. -С.272.
5. Исаев И.Ф. Теория и практика формирования профессиональной педагогической культуры преподавателей высшей школы. –М., 1993. –С. 219.
6. Педагогика: учеб. пособие для студ. высш. учеб. заведений /В.А.Сластенин, И.Ф.Исаев, Е.Н.Шиянов; под ред. В.А.Сластенина. – 5-е изд., стер. –М.: Издательский центр «Академия», 2006. –С. 576.
7. Психология развивающейся личности /Под ред. А.В.Петровского. –М., 1987. С. 240.